**" Сагындым "**

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Азат Болотбек

Ай толуп нурун төккөн, ошол түн эсиңдеби
Экөөбүз көл жээгинде сыр төккөн кечиндеги
Толукшуп айдай баскансың жандай
Керемет ошол кеч эле кандай

Сагындым өзүңдү чолпондой көзүңдү
Албырып нур жанган айдай жүзүңдү ширин сөзүңдү

Ай толуп көктө жылдыздар жыбырап
Сүйөмүн дегенсийт толкундар шыбырап
Кубанып бизге жээкке урунат.
Өттү билинбей ал түн зымырап

Сагындым өзүңдү чолпондой көзүңдү
Албырып нур жанган айдай жүзүңдү ширин сөзүңдү
Сагындым ошол кечти, кусалык жүрөктү эзди
Кайдасың татынам мага келчи.

Сагындым өзүңдү чолпондой көзүңдү
Албырып нур жанган айдай жүзүңдү ширин сөзүңдү
Сагындым, сагындым,сагындым
Толукшуп айдай баскансың жандай

Керемет ошол кеч эле кандай